Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун
№ 10.1. ТОКТОМУ

29.05.2025 ж.

1. КУУнун эл аралык мамилелеринин абалы жана келечеги.
*(Жооптуу Эл аралык кызматташуу жана байланыштар боюнча департаментинин директору Келдибеков Бакыт Төрөбекович)*

КУУнун эл аралык кызматташуу жана байланыштар боюнча департаментинин (ЭКжБД) директору Б.Келдибековдун "Ж.Баласагын атындагы КУУнун эл аралык байланыштарынын абалы жана келечеги жөнүндө" берген маалыматын угуп, талкуулап, КУУнун Окумуштуулар кеңеши Улуттук университетте эл аралык, ата-мекендик жана локалдык маанидеги укуктук актыларга, ар кандай ЖОЖдор жана илимий-билим берүүчү өнөктөштөр менен түзүлгөн эки тараптуу макулдашуулар жана келишимдердин ченемдерине негизделген кеңири масштабдуу байланыштарды өнүктүрүү боюнча көп вектордуу тутумдук иш түзүлгөнүн белгилейт.

Эл аралык кызматташуу жана байланыштар боюнча департамент КУУнун түзүмдүк бөлүгү болуп туруп, университеттин чет өлкөлүк өнөктөштөрү менен эл аралык байланыштарды кеңейтүү жана тереңдетүүнүн уюштуруучусу жана координациялоочусу катарында илимий, педагогикалык жана студенттик алмашуулардын активдештирүү процессине өбөлгө түзөт.

Университет билим берүү, илимий жана маданий чөйрөлөрдө ондогон эл аралык уюмдар жана мекемелер, ошондой эле жакынкы, алыскы чет өлкөлөрдүн ЖОЖдору менен тыгыз байланыштарды жүзөгө ашырат. КУУнун белгиленген субъекттери менен өз ара аракеттенүүсү эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдердин негизинде ишке ашырылат. 2024-2025-окуу жылынын ичинде 51 макулдашууга кол коюлду. Ж. Баласагын атындагы КУУнун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары боюнча бүгүнкү күндө кызматташуу тууралуу 271 келишим иштеп жатат.

Чет өлкөлүк окутуучуларды өз эне тилин окутууга тартууну уюштуруу боюнча жакшы жүргүзүлүп жаткан ишти да белгилеп кетүү керек. Ж.Баласагын атындагы КУУда үстүбүздөгү окуу жылында Кытай, Корея, Польша, Түркия, Франциядан келген волонтер-окутуучулар чет тилдерин окутту.

КУУда студенттердин өлкөбүздөн сырткары академиялык мобилдүүлүгүнүн планында активдүү иш жүргүзүлүүдө. 2024-2025-окуу жылында эл аралык алмашуу программалары боюнча окуган студенттердин саны: кириш академиялык мобилдүүлүк – 52, чыгыш академиялык мобилдүүлүк – 10. Эл аралык алмашуу программасы боюнча профессордук-окутуучулук курамынын саны: 6.

КУУнун Окумуштуулар кеңеши Департамент тарабынан алыскы чет өлкөлөрдүн өнөктөш ЖОЖдорунун ар кандай долбоорлоруна катышуу менен инвестиция тартуу боюнча чоң иш жүргүзүлүп жатканын белгилейт.

- **2024-2025-окуу жылында эл аралык уюмдар каржылаган долбоорлордун саны**: 5;
- **Тартылган чет өлкөлүк инвестициялардын саны**: 5 (жалпы суммасы: 46 950 АКШ долл.).

Жалпысынан бүгүнкү күндө КУУда билим алып жаткан чет өлкөлүк студенттердин саны: 1475.

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. КУУнун эл аралык кызматташуу жана байланыштар боюнча департаментинин директору Б.Келдибековдун маалыматын эске алып, канааттандырарлык деп табылсын.

2. Улуттук университеттин чет өлкөлүк өнөктөштөр менен эл аралык кызматташуусу менен байланыштарын өнүктүрүүнүн жакынкы жана орто мөөнөттүү келечегинин приоритеттүү милдеттери катарында төмөнкүлөр эсептелсин:

- КУУнун эл аралык рынокто атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;

- алдыңкы чет өлкөлөрдүн алдыңкы университеттери жана илимий борборлору менен билим берүү жана илим чөйрөсүндө эки тараптуу кызматташуу менен өз ара аракеттешүүнү андан ары өнүктүрүү;

- билим берүү кызматтарын экспорттоо жана импорттоо процесстерин өнүктүрүү;

- университеттин илимий-билим берүү чөйрөсүн интернационалдаштыруу;

- КУУнун профессордук-окутуучулук курамы менен билим алуучуларынын активдүү академиялык мобилдүүлүгүн камсыз кылуу;

- билим алуучулар менен профессордук-окутуучулук курамынын кириш жана чыгыш академиялык мобилдүүлүгүнүн ЖОЖдук программаларынын мазмунун, алардын индивидуалдык жана топтук форматын эске алуу менен тереңдетүү;

- эл аралык рейтингдик деңгээлин эске алуу менен, тиешелүү илимий-кесиптик потенциалы бар академиялык мобилдүүлүктүн биргелешкен программасын ишке ашырууга кызыккан чет өлкөлүк билим берүү мекемелеринин географиясын кеңейтүү (аткаруучу – ЭКжБД).

3. КУУнун профессордук-окутуучулук курамы менен билим алуучуларынын академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруу механизмдерин жана ЖОЖ ичиндеги ченемдик-методикалык камсыздоосу өркүндөтүлсүн (аткаруучу – ЭКжБД).

4. Кайра түзүлгөн институттар менен факультеттердин программалары жана пландарына КУУнун стратегиялык долбоорлорунда каралган эл аралык иш-аракеттер жаатындагы иш-чаралар камтылсын.

5. Университеттик профессордук-окутуучулук курамы менен билим алуучуларды бардык академиялык мобилдүүлүк программалары жөнүндө маалымдоо системасы төмөндөгү жолдор аркылуу өркүндөтүлсүн:

- гранттык сунуштар, инвестициялар, конкурстар, семинарлар, стажировкалар жөнүндө маалыматтык бюллетендерди үзгүлтүксүз чыгарып туруу (аткаруучу – ЭКжБД).

6. КУУнун билим берүү бөлүктөрүндө алардын иш-аракеттериндеги приоритеттүү билим берүү-илимий багыттарын ишке ашыруу боюнча жардам көрсөтүү үчүн суроо-талапка ээ боло турган чет өлкөлүк адистер (окутуучулар менен окумуштуулар) жөнүндө электрондук база түзүлсүн (аткаруучу – ЭКжБД).

7. Активдүү фандрайзинг – чет өлкөлүк ЖОЖдор менен илимий борборлордун программалары боюнча гранттарды, стипендияларды издөө жана жарыялоо жүзөгө ашырылсын (аткаруучу – ЭКжБД).

8. Окутуучулар менен билим алуучулардын, чет өлкөлүк академиялык мобилдүүлүккө талапкерлердин чет тилдерди билүүсүн эске алуу менен Резервдик тизмесин түзүү боюнча иш-чаралар комплекси жүзөгө ашырылсын (аткаруучу – ЭКжБД).

9. Чет тилдерин билген билим алуучулар менен аларды конкурстук стипендиялык программаларга жана академиялык мобилдүүлүк программаларына мүмкүн болгон катышуусу үчүн талап кылынган деңгээлдеги иш активдештирилсин (аткаруучу – ЭКжБД).

10. Институттар менен факультеттердин жетекчилери жогоруда белгиленген кафедралар менен биргеликте – профессордук-окутуучулук курамы менен билим алуучулардын чет тилдерди окуп үйрөнүүсүн стимулдаштыруу боюнча маселелерди, аларга туруктуу кошумча курстарды (акы төлөө негизинде) уюштуруу жолу менен, ал өткөрүлүүчү сабактарга сөзсүз түрдө академиялык мобилдүүлүк программаларына потенциалдуу катышуучуларынын Резервдик тизмесине киргизиле турган адамдарды тартууну эске алуу менен иштеп чыксын (аткаруучу – ЭКжБД).

КУУнун ОК төрагасы,
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы,
доцент — Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

18.06.2025-ж.

№ 10.5. ТОКТОМУ

1. Социалдык-гуманитардык илимдер институтунун дин таануу жана теология кафедрасына профессор Омурова Толкун Омуровнанын ысымын ыйгаруу жөнүндө.

*(Жооптуу социалдык-гуманитардык институтунун директору Жусубалиев Абдикайым Рысбаевич).*

Профессор Омурова Т.О. 1998-жылы эгемендүү постсоветтик постатеисттик Кыргыз Республикасында биринчи “Дин таануу” кафедрасын негиздеп, 25 жыл ушул кафедранын башчысы болуп эмгектенди. 531400-дин таануу, 531600 – теология адистиктери боюнча Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү окуу-усулдук бирикмесинин төрайымы, КРдин Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, КРдин билим берүүнүн мыктысы болуп Кыргыз Республикасында дин таануу билимин жана илимин калыптандырууда, өнүктүрүүдө, илимий кадрларды жана жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо кошкон салымы жана сиңирген эмгеги өтө чоң жана баа жеткис.

Окумуштуунун жана педагогдун эмгегин баалоо, дин таануу жана теология кафедрасынын илимий жана билим берүү ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу, кафедранын кадыр-баркын жогорулатуу жана оң имиджин калыптандыруу максатында

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Социалдык-гуманитардык илимдер институтунун дин таануу жана теология кафедрасына профессор Толкун Омуровна Омурованын ысымы 2025-жылдын 1-сентябрынан ыйгарылсын.

2. Окумуштуулар кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу КУУнун ректору Д.Т. Чонтоевге калтырылсын.

КУУнун ОК төрагасы,
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы,
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

18.06.2025-ж.

№ 10.6. ТОКТОМУ

1. И.Ч. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун аталышын "И.Ч. Исамидинов атындагы педагогикалык институт" деп өзгөртүү сунушу жөнүндө.

*(Жооптуу И.Ч. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун директору Сулайманова Рахат Токтогуловна).*

Ж.Баласагын атындагы КУУнун Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту 2009-жылы университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2009-жылдын 19-июнундагы чечими жана университеттин ректорунун 2009-жылдын 20-июнундагы №220 буйругунун негизинде педагогика илимдеринин доктору, профессор И.Ч.Исамидиновдун уюштуруусу менен республикадагы мугалимдердин жетишсиздигин жоюу максатында Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту болуп түзүлгөн.

Жаңыдан ачылган кезде мектептерде мугалим таптакыр жетишсиз болуп, айыл өкмөттөрү бул кадамга барууга аргасыз болуп калган. Ушуга байланыштуу окуу жай - айыл өкмөтү – ата-эне ортосунда 3 тараптуу келишим түзүлүп, кадрды айылга кайтаруу, ал жерде иштеп калуусуна алдын ала шарт түзүү иштери жасалган. Мына ошондуктан институттун негиздөөчүсү И.Ч. Исамидиновдун демилгеси менен педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту деген аталыш берилген.

2015-жылы университеттеги оптимизациялоо саясатына ылайык курамды кайра түзүүдө аталган институт ректордун 7-сентябрындагы №182 буйругунун негизинде Педагогикалык факультет болуп өзгөргөн.

2023-жылдын 1-апрелинен баштап институттун негиздөөчүсү **И.Ч. Исамидиновдун** аты берилип жана анын жаркын элесин урматтоо иретинде алгач берилген **Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту** деген аталыш сунушталып, окумуштуулар кеңешинин чечими менен өзгөртүлгөн (ректордун № 86 буйругу 15.02.2023).

Учурда педагогдорго болгон муктаждык мурдагыга караганда азайып, бул кесипке карата кызыгуу арта баштады. Институттун өнүгүү багыты, структуралык түзүмү жана функионалдык милдеттери жогорку билим берүүнүн заманбап талаптарына жооп берип, өз алдынча өнүккөн окуу түзүмдөрүнүн бирине айланды. Институт педагогикалык кадрларды даярдоодо жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары менен иштеше алат. Бирок ошол эле мезгилде учурда институттун ишмердүүлүгү жалпы педагогикалык билим берүү системасын камтып, кеңири көлөмдө иш жүргүзүп келет. Андыктан анын аталышын максаттуу даярдоо деп чектөөнүн зарылдыгы болбой калды. Институттун аталышын өзгөртүү – бул жөн гана техникалык өзгөртүү эмес. Бул аталыш педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча иш-аракеттердин мазмунуна, масштабына жана келечек пландарына жооп бере алат жана абитуриенттерди кабыл алууда расмий документтерди жасоодо, илимий иштерде жана коомдук иш-чараларда ыңгайлуулук жаратат.

Бул жагдайды эске алуу менен Институттун билим берүү жана илимий ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу, кадыр-баркын жогорулатуу жана оң имиджин калыптандыруу максатында институттун расмий аталышын кыскартып, “И.Ч.Исамидинов атындагы педагогикалык институт” деп өзгөртүлсүн.

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин И.Ч. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун аталышы “И.Ч. Исамидинов атындагы педагогикалык институт” деп өзгөртүлсүн.
2. Окумуштуулар кеңешинин бул токтомунун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу КУУнун ректору Д.Т. Чонтоевге калтырылсын.

КУУнун ОК төрагасы,
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы,
доцент — Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

18.06.2025-ж.

№ 10.7. ТОКТОМУ

1. КУУдагы билим берүү сапатынын жаңы саясатын жана максаттарын бекитүүсү жөнүндө.
*(Жооптуу Биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор, КУУнун Сапат кеңешинин төрагасы Шамшиев Алайбек Бурканович)*

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун биринчи проректору – окуу иштери боюнча проректору А.Б. Шамшиевдин "Жусуп Баласагын атындагы КУУнун билим берүүнүн сапаты жаатындагы жаңы саясаты жана максакттары жөнүндө" баяндамасын угуп, талкуулап, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңеши төмөнкүлөрдү белгилемекчи:

Билим берүү кызматтарынын рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү сактоо үчүн Жусуп Баласагын атындагы КУУнун эл аралык ISO 9001: 2015 стандартына шайкеш келген билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапатын натыйжалуу камсыз кылуу системасын иштеп чыгуу өтө маанилүү.

2018-жылдын февраль айында Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети билим берүү программаларынын сапатын камсыз кылуу жаатында өзүнүн иштеп жаткан саясатын бекиткен. Бирок Кыргызстанда да, университеттин өзүндө да билим берүүнү өнүктүрүүдөгү жаңы чакырыктарды жана заманбап тенденцияларды эске алуу менен бул саясатты андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү зарылдыгы пайда болду. Мындай жаңылануунун максаты – аны эл аралык сапат стандарттарына шайкеш келтирүү.

Жогоруда айтылган жаңылануу зарылдыгына ылайык, КУУда билим берүүнүн сапаты саясатынын негизги **максаттары** төмөнкүлөр болот:

- Билим берүү процессинин ийкемдүүлүгү жана санариптешисүүсү.
- Билим берүү программаларынын актуалдуулугу менен атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздоо.
- Мобилдүүлүктө эл аралык интеграцияны күчөтүү.
- Изилдөөчүлүк жана инновациялык активдүүлүктү өнүктүрүү.
- Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана инклюзивдүүлүгүн жогорулатуу.
- Жумуш берүүчүлөр менен өз ара аракеттешүүнү тереңдетүү.
- Сапатты башкаруунун туруктуу механизмин түзүү.
- Кызыкдар тараптардын канааттануусун жогорулатуу.
- Университет 4.0. жол картасынын көрсөткүчтөрүнө жетишүү.

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун билим берүүнүн сапаты жаатындагы жаңы саясаты жана максакттары 2025-жылдын 16-июнунда Ректораттын кеңешинде угулуп, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин бекитүүсүнө сунушталган.

Жогоруда баяндалганды эске алып, Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Жусуп Баласагын атындагы КУУнун билим берүүнүн сапаты жаатындагы жаңы саясаты жана максакттары жактырылып, бекитилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор А.Б. Шамшиевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы,
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы,
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

18.06.2025-ж.

№ 10.8. ТОКТОМУ

1. Ж. Баласагын атындагы КУУда сапат менеджмент системасынын ISO 9001: 2015 стандарттарынын талаптарына ылайык түзүлүшү боюнча уставынын бекитүүсү жөнүндө.

*(Жооптуу Биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор, КУУнун Сапат кеңешинин төрагасы Шамшиев Алайбек Бурканович)*

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун биринчи проректору – окуу иштери боюнча проректору А.Б. Шамшиевдин "Ж. Баласагын атындагы КУУнун сапат менеджмент системасын ISO 9001: 2015 талаптарына шайкеш келтирүү" долбоорунун уставы тууралуу" баяндамасын угуп, талкуулап, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңеши төмөнкүлөрдү белгилейт:

Жусуп Баласагын атындагы КУУда ISO 9001:2015 талаптарына шайкеш келген сапат менеджемнти системасын (СМС) түзүү үчүн атайын Уставды иштеп чыгып, бекитүү зарыл. Бул документ СМСти киргизүү жана колдоого багытталган университеттин ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн жөнгө салат.

"Жусуп Баласагын атындагы КУУда ISO 9001: 2015 талаптарына шайкеш келген сапат менеджемнти системасын (СМС) түзүү" долбоорун аткаруунун жыйынтыгында Университет 2025-жылдын ноябрында күбөлөндүрүүчү органга СМСти сертификациялоо арызы менен кайрылышы керек.

"Жусуп Баласагын атындагы КУУда ISO 9001:2015 талаптарына шайкеш келген сапат менеджемнти системасын (СМС) түзүү" долбоорунун Уставы 2025-жылдын 16-июнунда Ректораттын кеңешинде угулуп, Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин бекитүүсүнө сунушталган.

Жогоруда баяндалганды эске алып, Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. "Жусуп Баласагын атындагы КУУда ISO 9001:2015 талаптарына шайкеш келген сапат менеджемнти системасын (СМС) түзүү" долбоору жактырылып, бекитилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Биринчи проректор – окуу иштери боюнча проректор А.Б. Шамшиевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы, профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы, доцент — Ж.Ж. Керимканова